**Ош мамлекеттик университетинин STEM инновациялык колледжинин**
**Педагогикалык кенешинин**
**отурумунун 10-октябрь 2020-жылдагы**
**№3 Протоколунан**

**Көчүрмө:**

Катышкандар: Педагогикалык кенешинин 34 мүчөсүнөн 25мүчө катышты.

Педагогикалык Кеңешинин төрайымы Абдылакимова Б.К.

Педагогикалык Кеңешинин катчысы Имоналиева А.Б.

1. Колледжде 2020-2021-окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттери.
2. Бүтүрүүчүлөрдүн ассоцияцасынын учурдагы абалы жөнүндө.
3. Ар түрдүү маселелер.
4. Абдылакимова Бегайым Кенжематовна STEM инновациялык колледжинин директору: Саламатсыздарбы урматтуу жамаат. Бүгүнкү иш чарада 2 маселе боюнча карайбыз.1. Колледжде 2020-2021-окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттери. 2. Бүтүрүүчүлөрдүн учурдагы ассоцияцасынын учурдагы абалы жөнүндө. Анда эмесе биринчи сөз директордун тарбия иштери боюнча орун басары Шарапов Ислам Шерикпаевичте.

Угулду: Саламатсыздарбы урматтуу агай эжекелер?

Колледжде 2020-2021-окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттери жөнүндө презентация даярдадым эле көңүл буруп койсоңуздар. Биринчи бөлүктө иш планыбыз. 1 жылдык аткарылуучу иштер. Андан соң аткарылуучу убакыттары. Бул иш чараларды Жаштар комитети, кураторлор жана старосталар эң жакындан жардам берсе, окутуучулар колдоп ар бир иш чарага активдүү катышып берүүңүздөрдү суранам. Урматтуу кураторлор ушул жерде айтып кетейин контрактык төлөмдөрдү дагы айтайын студенттер кышка чейин 50% төгүү керек. Студенттердин келбил тиркемесинде көрсөтүлгөн шифр коду менен төлөмдөрдү жүргүзүшөт. Көңүл бурганыныздар үчүн рахмат.

Анда эмесе күн тартибинде экинчи сөз Сарыков Рысбек Базарбаевичте.

Угулду: Саламатсыздарбы урматтуу жамаат. Ар бир факультет, ар бир колледжде бүтүрүүчүлөр менен тыгыз байланышта болуу үчүн

Бүтүрүүчүлөрдүн ассоцияцасы түзүлүп иш алып барат. Биз дагы ар бир бүтүрүүчү жөнүндө маалыматка ээ болушубуз керек. Себеби, эртең эле биздин бүтүрүүчү иш берүүчү болуп калып атат. Студенттерди практикага жөнөтүп калабыз ж.б..дегендей. Ошол себептен урматтуу 7 адистик азыр мен тизмелеп маалымат чогултуп атам колледж түзүлгөнгө чейинки жана кийинки маалымттарга жардам берсеңиздер. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат.

3 Ар түрдүү масалелер:  колледждин миссиясын бекитүү

Абдылакимова Б.К Атаандаштыкка жөндөмдүү адисти даярдоо, социалдык жактан ийгиликтүү инсанды калыптандыруу;

Инновациялык,экономиканы колдогон жаңы өсүүлөргө жана өнүгүүлөргө алып келүү;

STEM чөйрөсүндө бекем билим алуу менен илимге багыттоо.

Абдылакимова Б.К STEM  инновациялык коледжинин миссиясы боюнча кандай сунуштарыныздар бар?

Сунуш: Бектилсин.

Колго салып бекитилди:  <Макул>-25, <Каршы>-жок, <Калыс>- жок.

**Абдылакимова Б.К.-** STEM инновациялык колледжинин Педогогикалык Кеңешинин кезектеги отурумунун

**ТОКТОМУ:**

1. Колледждин 2020-2021-окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин иш планы бекиттилсин.
2. Колледждин бүтүүрүчүлөрдүн ассоцияциясынын түзүлсүн.
3. Колледждин миссиясы бекитилсин.

Педагогикалык Кеңешинин  төрайымы Абдылакимова Б.К.

Педагогикалык Кеңешинин  катчысы Имоналиева А.Б.